# КЫРГЫЗ–КАЗАК МАМИЛЕСИ (XVIII. К. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ– XIX. К. БИРИНЧИ ЖАРЫМЫ)

**ДОЦ. Д. Б. САПАРАЛИЕВ**
Кыргыз улуттук университети
тарых кафедрасы

Жунгар хандыгы кулап, калмактар Кыргызстандан куулган соң, кыргыз жайыттары казактын жерине жакын жайгашып, коомдук-саясий мамилелер күч алган. Бери дегенде жарым кылымга чейин чет элдик баскынчылардын кол алдында болуп келген Иле дарыясынын алабы жана Чүй, Талас өрөөндөрүнүн тегерегине мурунку жер ээлери кыргыздардын кайра келишинин натыйжасында алардын казак коңшуларынын ортосунда мурун так чек ара болбогондуктан кез-кези менен орто аралыктардагы жайыттарды талашуу, барымталап мал айдап кетүү байкала баштаган.

Кыргыз-казак мамилелеринин курчушуна ал кездеги аларын өлкөлөрүндө саясий бытырандылыктын үстөмдүүлүгүнүн негизинде соода-сатык иштери менен катташып турган адамдардын тонолуп, куугунтукка учурашы себепкер болгон эле. Ал эми кербен жолдор алардын жер аймактарын аралап өтүп турганы да жакшы белгилүү. Казактардын соодагерлери кыргыз жергесинен Чыгыш Түркестандын (Синьцзян) шаарлары—Ак-Суу, Үч Турфан, Кашкарга, андан ары Кытай, Индияга жол тартышса, Фергана өрөөнүндөгү шаарлар Ош, Анджия, Маргалаң, Кокон, Ташкент аркылуу Бухара, Самаркан, Стамбулга жана Мекке, Мединага барышкан. Казактардын бир бөлүгү XVIII кылымдын биринчи жарымында эле Россия империясынын кол алдына өтүп, орус элин Орто Азия элдери, алардын ичинен кыргыздар менен соода иштерине ортомчу боло баштаган эле. Ушундай эки тараптуу кызыкчылык кыргыздарга да таандык болгон. Анткени кыргыздардан аз да болсо соодагерлер чыгып, Атаке баатыр, Эсенгул бий өздөрүнүн соода кербендерин казак талаалары

аркылуу Россия империясынын чек-арадагы соода шаарлары Семипалатинск, Петропавловск, Омск, Уст-Каменогорск жана башка жерлерге чейин жетип соода кылып турушкан.

Тарыхый булактардын маалыматтары боюнча алгачкы кыргыз-казак мамилелеринде өз ара кагылышуу 1759—жылы жай мезгилинде башталган. Орто жүз казагынын ханы Абылмамбеттин уулу Абылмежит жана Барактын уулу Ханбабалар баш болгон казактардын он беш миң колу жер айдаган теит урууcунан Ноорус баатырдын айылына чабуул жасашкан ***(Сапаралиев,1995:90)***. Эмне менен бүткөнү белгисиз. 1760—жылдагы кыргыздардын казактарга каршы колун саяк уруусундагы Садыр баатыр баштаган деп санжырада айтылат ***(Джамгерчинов,1966:16)***. Ошол эле жылы казак күчтөрү кыргыз аймактарына жортуул жасап, көп зыян келтиришкен ***(Левшин,1996:239).***

1762—жылдын күз мезгилинде казак, кыргыз, өзбек айылдарында Цинь империясынын колдору келерки 1763—жылы жазында Туркестан чөлкөмүнө кол салат экен деген маалыматтар тез арада тарап кеткен эле. Ушуга байланыштуу Орто Азия элдери бөтөн диндегилердин коркунучу алдында бири—бири менен араздашуусун токтотушуп, өзүлөрүнүн биримдигин көрсөтө алышты. Ушунун негизинде, Кокондун башчысы Ирдана бий убактылуу басып алган кыргыз шаарлары—Ош менен Өзгөндү өз ээлерине кайрып берген эле***(Сапаралиев,1999:47,48)***. Орто Азия элдеринин мындай биримдиги Цинь империясынын жаңы жерлерге көз артуусун токтоткон.

Бөтөн диндегилердин көрсөткөн коркунучу басаңдашы менен кыргыз—казак кагылышуулары кайра жанданат. 1764—жылы күзүндө Иле дарыясынын жээктеринде көчүп-конуп жүрүшкөн Улуу жүз менен Орто жүз казактарына кыргыздардын жоокерлери үч жолу жортуулга барышып, көп туткун алып келишкен ***(Сапаралиев,1984:156,157).*** Болжолу, ушул жүрүштөрдөн кийин даңазалуу баатыр кол башчы, кийин 1771—жылы жалпы казак ханы болуп шайланган Абылай султан өзүнүн 17 жоокери менен кыргыздардын туткунуна түшүп, үч ай өткөн соң, кыргыздын ошол кездеги ханы Жайыл баатырдын буйругу менен бошотулган. 1765—жылдын башында, кыш мезгилинде казактын Орто жүзүнүн султаны Абулфеистин Талас өрөөнүндөгү Каработо бий башчылык кылган (кытай уруусунан) кыргыздарга жортуулу, кебетеси, Аблай султандын туткунда камалышы менен байланышса керек. Анткени, ошол эле жылы күзүндө Абылай султан көп кол жыйнап келип ушул аймактагы кыргыздарга кыргын салып, алардын

башчыларынын балдарынан тогуз кишини аманаттыкка алып кеткен ***(Архив,1762:263)***. Алар бир жыл өтпөй кайра өз жерлерине коё берилген. 1767—жылы Абылай султан Ташкенттин тегерегиндеги кыргыздарга кол салат да, андан ары Ферганага жакындайт. Бирок ал ушул жерден Кокон шаарынын кол башчысы Ирдана бийдин жетекчилиинде кыргыз-өзбек биримдик күчтөрүнөн жеңилип, кайра артка чегинүүгө мажбур болгон.

XVIII кылымдын 60—жылынын аягында Иле дарыясынын жээгинде көчүп-конуп жүрүшкөн казактарга кыргыздардын саяк уруусунан чыккан Жаманак баатыр баш болгон чалгындоочу кошуун жортуул жасап кайтышат. Буларга жооп катары казактардын Орто жүзүнүн найман уруусунун султаны Барак (Кёк жарлуу) баштаган 4—5 миң колу Чүй өрөөнүнөн чабуулга өтүшүп, Кочкорго чейин жетишет***(Алымбеков,No:364,312)***. Кыргыздар алгач бейкапар жаткандыктан чегинүүгө мажбур болушкан. Чечүүчү салгылашуу Кочкор өрөөнүндө Кызарт ашуусуна жакын жерде өткөн. Кыргыздардын күчтөрүн жетектеген сарыбагыш уруусунан Эсенгул Болот бий уулу болгон. Алар бир чети жер ыңгайын таасын пайдаланып, амалкөйлүк менен чаң-тополоң жасап жиберип, Бaрактын жоокерлерин артка чегинүүгө мажбур кылышат. Бир нече жоокер башчылары Арзы, Куржу, ал эмес Барак өзү да Кескен-Ташта колго түшүп, өлүмгө учурашкан ***(Солтоноев,1993:165,167)***.

1774—жылы Таластагы кыргыздардын чакан колун баштап саяк уруусунан Садыр баатыр Чымкент, Чолок-Коргондун тегерегиндеги казактарга чабуулга барып келишкен***(Алымбеков,No:317)***. Буга жооп иретинде Аблай хан ошол эле жылы жай мезгилинде кыргыздарга кол салаты. Бул жолу анын колу өтө кубаттуу болгон, анын жанында султан Абулфеис, белгилүү Кабандай баатыр, Байгазы, Орозмамбеттер бар эле***(Кузнецов, 1983:46,47)***. Алгачкы кагылыш Чүй өрөөнүнө өтө турган Сары—Бел ашуусунда болуп, казактардын колу кайтарылган. Абылай андан ары чабуул жасабастан өз күчтөрүн Ташкент тарапка багыттап, аны алат. Хан атакка көнгөн Жайыл алгачкы жеңишке ээ болгонуна ишениппи, же кыргыздардын жетекчилеринин ортосунда ык келишпегендиктенби, айтор, Абылай 1775—жылы Чүйгө чоң кол менен келгенде анын жанында өзүнө таандык солто урууларынын жана бир аз саяк уруусунун жоокерлери гана калган. Мына ушул аз күчтөр менен кыргыздар Чүй суусуна куюлган Ак-Суу менен Кызтууган өзөндөрүнүн ортосунда казак жоокерлеринин күтүүсүз жортуулуна туш болушкан. Салгылашууда Жайыл хан өзү жана анын уулдары Эсен, Үсен, Теке, Итике баш болгон кыргыздын бир

топ баатырлары туткунга түшүшүп, Итике менен Момокон бошотулуп, калганы курман болушкан. Андыктан бул окуя тарыхта «**Жайылдын кыргыны**» деп аталган. Бирок Аблай хандын түпкү максатына жетпеген себеби казактардын кол башчыларынын ортосунда олжо талаштын натыйжасында ырк кетип, ар кимиси ар тарапты карап ажырым болуп кайтышкан эле ***(Солтоноев, 1993: 169,170)***.

Анын үстүнө, Абылайга келишим түзүш үчүн кыргыздардан солто уруусунан Түлөберди бий баштаган 40 элчи келген эле. Бир кабарда бул сүйлөшүүлөр казактын жери Көкчө-Тоодо болуп, жер чектерди белгилешип, тынчтыкта жашайлы деген бүтүмгө келишкен.

Бирок мындай жакшы тилек көпкө созулбады. Кыргыздын жетекчилеринин ортосунда ажырым дагы сактала берди. Казак коңшулардан жылкы тийип айдап кетип, ал эмес адамдарды да туткунга алган учурлар күчөй берди.

Ушундай кырдаалда Абылай хан 1779—жылы жазында 12 миң кол жыйнап, кыргыздарга кайра жортуулга аттанган. Алдыга өзүнүн элчиси Жоогачтыны тил табышалы деп кыргыздарга жиберген. Ал кыргыздардын четинде жайгашкан солто уруусунун бийи Момоконго келип, андан ынанарлык жооп ала алган эмес. Алгачкы эки жолку кагылышууда анын өз уулу Чынгыс султан менен Абулфеис султандардын колдору ийгиликке жетишкен эмес ***(Госархив,F3/1:385,386)***. Ошондон кийин кыргыздар мүмкүн казактар эми кайра кайрылбайт дешсе керек, анткени Абылайдын кээ бир жоокерлери да анын кыргыздарга жасаган жортуулун колдобой, үй-үйлөрүнө кеткендери да белгилүү болгон эле. Буга карабай, Абылай хан, кыргыздарга 1779—жылдын жай мезгилинде чоң күч менен амалкөйлүк кылып, (ал өзүнүн колуна орус аскерлеринин жардамга келгендигинин далили катары опуз менен курал-жарактуу бир солдатты көрсөткөн***(Госархив,F3/1:385,386)***. Күтүүсүздөн үч тараптан: Чүй өрөөнүнүн башы менен аягынан жана Таластан кол салган. Кыргыз жоокерлери баатырлык менен салгылашса да бардыгы бир жерге бириккенге үлгүрө албагандыктан чегинүүгө аргасыз болушкан. Акырында Абылай 1780—жылы Таластан саяк уруусунан Садыр ханды уулу Доскулу менен бирге колго түшүргөн. Садыр туткундан качууга аракет кылып, курман болгон.

Абылай кыргыздардан ар бир үй—бүлөдөн бир жылкы чыгым—салык алып (контрибуция), колго түшкөн жоокерлери үчүн бий, бай, төбөлдөрдүн өкүлдөрүнөн тогуз жылкы, ал эми

карапайымдардан бир жылкыдан салык катары алган. Ошентсе да Абылай хан кыргыздарды толук баш ийдире албаган***(Скрябин, 1945:90).*** Ал 1781—жылы эрте жазда Талас жергесинде өзүнө жаңы шаар курдуртуп жатып каза болот ***(Госархив,F1/1:431).***

Кыргыздар кайра баш көтөрүшүп, ошол эле 1781—жылы жайында Улуу жүз казактарындагы Адил султандын конуштарына чабуул жасашкан***(Госархив,F3/1:431).*** Мындай араздашуу, мал айдап кетүүлөр маал-маалы менен болуп турган. 1784—жылы күзүндө казактын Орто жүзүнүн ханы Валинин иниси Тыс султан 300 жоокери менен кыргыздарга жортуулга келип, колго түшүп калып, сатууга коё берилген ***(Андреев,1795:84).*** Мындай окуяга 1785—жылы бул тарапка келишкен анын бир туугандары Чынгыс менен Касым султандар да туш болушкан. Туткунга түшкөн Касым султанды кыргыздар сатыксыз бошотушуп, тынч жашайлы деген келишимге келишкен***(АВПР,1791:40).*** Ушунун натыйжасында кыргыздардын кол башчысы Атаке баатырдын (сарыбагыш уруусунан) жиберген алгачкы элчилерине казак талааларын аралап 1785—жылы жай мезгилинде Россиянын борбору Санкт—Петербургга барууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Тилекке каршы, казак кол башчысы Улуу жүз казагынын чапрашты уруусунан Бердикожо султан 1785—жылы октябрда циндин аскер башчысынын сөзүнө кирип, кыргыздарга Аягүз Суусунун тушунан чабуул жасаган, ошол эле маалда циндер Иле дарыясынан кол салышып, кыргыздарды бир топ зыянга учуратышкан. Экинчи ирет Бердикожо кыргыздардын айылына 1785—жылдын январында терендеп киргенде, анын кошунунда 100 гана киши болгондуктан, Бердикожо өзү да курчоодо калып, туткундалып, курман болгон. Демек анын бул аракети казактардын калың катмарынан колдоо албагандыгын көрсөтүп турат ***(Сапаралиев,1984:98,99).***

1786—жылы февралда цинь аскерлери казактардын Орто жүзүнүн (найман уруусунун) султаны Ханхожону да кыргыздарга каршы жортуулга үндөөгө жасаган аракети максатына жетпеди. Чүй өрөөнүндөгү Кызыл—Суунун жанына келгенде Ханхожонун эптеп чогулткан 100 жоокеринен 12си гана калып, калганы кайра өз үйлөрүнө тарап кетишкен.

Ошол эле 1786—жылдын жай айларында кыргыз элчилери казактардын Улуу жана Орто жүзүнүн башчыларына келишип, тынчтык келишими жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүп, анда түштүктөгү бөтөн жердик каршылаштарыбыз, эки элге тең бирдей жоо экендигин белгиленип, ага каршы чогуу туралы деген бүтүмгө

келишкен. Бул келишимдин негизинде 1789—жылы Цинь империясынын аскер күчтөрү кыргыздар менен чек-аралаш жерлерде аларга ачык эле кысым көрсөтө баштаганда, кыргыздардын башчысы Атаке баатыр казак агайын-туугандарын жардамга чакырып, алардан колдоо алган ***(Сапаралиев,1984:100)***. Мындан соң кыргыз-казак мамилелери эки тараптуу тынч, туруктуу, бир калыпта XIX кылымдын биринчи чейрегине чейин созулган.

1825—жылы июнь айынын ортосунда сарыбагыш уруусунун бийи Сарыбай 5 миңге жакын колу менен Улуу жүз казактарынын дуулат уруусунун султаны Аалынын айылына жортуулга барып, мүдөөсүнө жетпей кайткан ***(Исторический архив,1939:255,256)***. Ушул эле мезгилде кыргыз-казак башчыларынын соода-сатык иштерде (кербендерди коштоп узатуу боюнча) кызматташып тургандыгы белгилүү.

XIX кылымдын орто ченindeги кыргыз-казак мамилелериндеги оорчундуу окуя—Орто жүз казактарынан чыккан Абылай хандын небереси Кенесары хан Касым уулунун (1802—1847 жж) Россия империясына каршы улуттук-боштондук кыймылы менен байланыштуу. Бул көтөрүлүш 1837—жылы башталып, он жылга созулуп, аягында алар алсырап, түштүккө ооп, бул тараптагы жергиликтүү калктарды (казак, кыргыз, өзбек) бириктирип, орус баскынчыларына каршы жалпы күрөштү уюштурууга дапалаттанышат***(Бекмаханов,1992:232,313;Козыбаев,19993:84).***

Казактардын өз ичтеринде да Россия империясынын кол алдында тынч жашай берели деген эл башчылары болгондуктан, Кенесарынын бул күрөшү Казахстандын баардык тарабында бирдиктүү жалпы элдик кыймылдын деңгээлине толук жете алган эмес***(Касымбаев,1993:107)***. Ушул себептен көтөрүлүштүн жетекчиси Кенесары өзүн жалпы казактардын ханы деп жарыялаганы менен бул кыймылын колдобогондорго өтө өкүмзардык мамиле кылып, катуу жазалоого барган ***(Галиев, 1993:107)***. Демек, анын максаты прогрессивдүү болгону менен аны иш жүзүнө ашыруу ыкмасы өтө эле жагымсыз, радикалдык жол эле. Ал эми Кенесарынын өзүнүн жеке бийлигине ык коюп, кулк-мүнөзүндөгү чечкиндүүлүгү көбүрөөк тоңмоюндукка, текеберликке жакындаганы кыймылдын ийгиликке жетишине жолто болгон.

1845—жылы жазында Кененсары өзүнүн элчилерин Кокон, Бухара, Хива хандыктарынын жана кыргыздардын башчыларына жиберип, бөтөн диндегилердин Орто Азия тарапка басып

алуучулук жүрүшүнө жалпы күрөшөлү деген сунуш менен кайрылган. Кокон, Бухара, Хива хандыктарынын жетекчилери бул аракетти колдошорун билдирип, Кененсарынын өзүнө кымбат баалуу ат жабдыктары менен курал-жарагын символикалык түрдө жиберишкен эле***(Бехмаханов,1992:31).***

Ал эми кыргыздардын Ормон хан баш болгон жетекчилери да Кененсарынын максатына тилектештигин билгизүү менен бирге бул жалпы күрөштө хан вазипасын алып башкарууну казак ханынан 10 жаш улуу кыргыздын ханына тапшыруусун шарт катары талап коюшкан***(Бехмаханов,1992:31;Жолдошев, 1992:5,6; Смирновым,1889:18).***

Мындай жагдай Кенесарыга жага бербегендиктен, ал кыргыздарды эми күч колдонуу менен өзүнө баш ийдирип, кошуп алуу максатына жетүүгө далалат жасаган. Ушул таптан баштап Кенесарынын аракети кыргыз жерлеринде баскынчылык талап-тоноочулук нук алган. Ал ошол эле 1745—жылы Чүй өрөөнүндөгү, кийин Таластагы кыргыздардын айылдарына эки ирет чабуул коюп, көп зыян келтирген. Үстөмдүккө жете албаса да, таластык Бүргө баатырдын уулу Калча бий баш болгон 200гө жакын адамдарды туткунга алып кеткен эле. 1746—жылы бул туткундар Кенесары тарабынан бошотулганы ***(Смирнов,1889:18)*** менен кыргыздардан барган 12 элчини курмандыка чалып, карамүртөздүк кылгандыктан***(Архив,Ф.374),*** андан кийинки кыргыз—казак элчилик сүйлөшүүлөрү натыйжасыз боло берди.

Кыргыз-казак кагылышуусунун чечүүчү окуясы 1847—жылы эрте жазда мезгилинде (февраль) Токмоктун жанындагы Текеликтин сеңиринде Май Төбө деген тоонун жанында болуп өткөн. Мында Кенесарынын колу 20 миң кишиге жеткен. Бул салгылашуу бир жумадан ашуун созулуп ***(Асанов,2000:19)***, анда кыргыздардын аскер күчтөрүнүн курамында дээрлик бардык түндүк уруулары катышкан. Ал эмес түштүктөгү адигине уруусунан Алымбектин колдору да келген деген божомол да бар. Кенесарынын жоокерлери капысынан курчоого алынып, өзөндөгү суу кыргыздар тарабынан бурулуп ташталган соң, өтө эле кыйын абалга тушуккан. Ушул кармашууда кыргыздын Ормон ханынын кол башчылык кыраакылыгы даана көрүнүп, даңазаланган. Салгылашуунун жыйынтыгында Кенесарынын колу талкаланып, ал өзү, өзүнүн иниси султан Норузбай баш болгон 15ке жакын казак султандары жана анын көптөгөн жоокерлери туткунга түшүрүлгөн. Элдин чечими менен кээ бир казак султандары жана жоокерлер бошотулуп, Кенесары менен Норузбай өлүм жазасына

тартылышкан.

1847—жылы 22—августа казактардын Россия империясынын аскер өкүлдөрүнүн ортомчулугунда Капал шаарында кыргыз-казак жетекчилеринин ортосунда тынчтыкка келүү келишимине кол коюу аземи болуп өткөн***(Сапаралиев,1998:112,114)***. Ошондон тартып эки элдин ортосунда өткөндөгүдөй мерчемдүү кагылышуулары болгон эмес.

Албетте, мындай тирешүүлөр саясий жана экономикалык жактан кыргыз-казак элдерин бирдей алсыратып тургандыгы талашсыз. Ошентсе да жалпысынан алардын мамилелери бир тектүү, боордош, коңшу калктар катары эки тараптуу ыңгайлуу, достук-көмөктөштүк маанайында кала берген десек жаңылышпайбыз.

# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТ МЕНЕН БУЛАКТАР


АСАНОВ Т., (2000), **Кыргыздардын этносаясий түзүлүшүнүн жана тарыхый байланыштарынын санжырада чагылдырылышы**, Автореферат, (К.и.н), Б.

АЛЫМБЕКОВ Т., **Кыргыз урууларынын чыгышы** // Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фонду (мындан ары **КРУИА КЖ.Ф**) инв. № 364.312—314 бб.

АНДРЕЕВ И., **Описание киргис–кайсаков. // Новые ежемесячные сочинения,** Ч. CXVI. Спб. АВПР. Ф, Киргиз кайсаские дела. 1791 г, Оп. 122/3, Д. 1, Л., 1795.

**АРХИВ внешней политики России Ор. Киргиз–кайсаские дела**, 1762—1775 гг, Оп 122/2, Д.14, Л.

БЕКМАХАНОВ Е., (1992), **Казахстан в 20–40 годы XIX века**, Алма—Ата.

БЕХМАХАНОВ Е., (1992), **Восстание хана Кененсары**, Алма—Ата.

**ГОСАРХИВ Оренбург обл, России, Ф.3, Оп.1, Д.176, Л.,** 1993.

**Госархив Оренбург обл, России Ф.3, Оп.1.Д. 175, Л.431.**

ДЖАМГЕРЧИНОВ Б. Д., (1966), **Очерк политической истории Киргизии XIX века (первая половина),** Фрунзе.

ЖОЛДОШЕВ Р., (1992), **Ормон хан баяны**, Аслам.

КАСЫМБАЕВ Ж. К., **Об освободительном характере восстания 1837–1847 гг,** под Караңыз: Галиев В. З. **Движущие силы народно–освободительного борьбы под предводительством Кенесары Касымова //Абылай–хан,** Кенесары:... с. 107.

**Казак Республикасынын Борбордук архиви Ф.374, Оп. 1.Д, 1921, Л.**

КОЗЫБАЕВ М. К., (1993), **Хан кене //Абылайхан Кенесары: проблемы национального освободительного движения,** Алматы.

КУЗНЕЦОВ В. С., (1983), **Цинская империя на рубежах Центральной Азии (вторая половина XVIII–первая половина XIX в,** Новосибирск.

ЛЕВШИН А. И., (1996), **Описание кыргыз–казахских или киргиз–кайсацких орд и степей,** Алматы.

**Путевые записки лекаря Зибберштейна //Исторический архив. М., 1939.**

САПАРАЛИЕВ Д. Б., (1995), **Взаимоотношения кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в,** Б.

САПАРАЛИЕВ Д. Б., (1999), **Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVIII до середины XIX в,** Б.

САПАРАЛИЕВ Д. Б., (1984), **Из истории Казахско–кыргызских взаимоотношений (вторая половина XVIII в.) // Советский Кыргызстан : страницы истории и современность**, Фрунзе.

САПАРАЛИЕВ Д. Б., (1998), **Уникальный документ кыргызско–казахского перемирия 1847 года, Фергана – долина дружбы и взаимосогласия**, Б.

СКРЯБИНУ К. И., (1945), **Из истории военных отношений киргизов конца XVIII в**, Фрунзе; **Госархив Омск обл, России Ф.1. Оп.1.Д, 225, Л.63,196.**

СОЛТОНОЕВ Б., (1993), **Кызыл кыргыз тарыхы**, Кн, 1. Б.,.

ТАУСАРУЛЫ Казыбек бекю., (1993),**Түп—түкианнан өзүме шейин**, Алматы.

УСЕНБАЕВ К., (1999), **Ормон хан,** Б. **Султан Кененсары и Садык.** Б, **Биографический очерк Султана Ахмета Кененсарина,** Обработана для печати Е. Г. Смирновым, Ташкент, 1889.